| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

28.08.2024 ж. № 109/XXXII – 1

**2024 – жылдын II – жарым жылдыгы боюнча Кайынды шаарынын мэриясынын бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кайынды шаарынын мэриясынын "2024-жылдын II - жарым жылдыгына карата Кайынды шаарынын мэриясынын бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" катын карап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, «Аксакалдар соттору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, ошондой эле Кайынды шаарынын мэриясынын бюджетине күтүлүп жаткан финансылык каражаттардын түшүүсүнө байланыштуу, Кайынды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1.Кыргыз Республикасынын "Аксакалдар соттору жөнүндө" Мыйзамынын 13-беренесинин 1-пунктуна ылайык, 01.09.2024-жылынан тартып Кайынды шаарынын мэриясынын аксакалдар сотунун эки мүчөсүнө 3000 сомдон, баардыгы – 28,1 миң сом айлык маянасын белгилегенге макулдук берилсин.

2. Кайынды шаарынын 2024-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча өзгөртүлгөн иш-чаралардын планын бекитүүгө жана Улыбка мектепке чейинки мекеменин инфраструктурасын ондоо жана куруу иштерин жандандырууга 3111 «Имараттар жана курулмалар» беренесине ылайык - 9384,0 миң сом суммасына жана 3112 "Машиналар жана жабдуулар" беренесине ылайык – 2000,0 миң сом суммасына капиталдык ондоо иштерин жүргүзүүгө макулдук берилсин.

3. ЖТЖ боюнча документтерди даярдоого 600,0 миң сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

4.Кайынды шаардык мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнө Кайынды шаарынын мэриясынын бюджетинен үнөмдөлгөн финансылык каражаттарды

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күтүлбөгөн чыгымдарга жумшоо тапшырылсын.

5. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй - Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайынды шаардык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т. Иманкулов**